Каралды:

Педагогикалык кеңеш

№ 2

« 4 » 11 2022ж

" Бекитемин"

Х.Жээбаев мектеп-лицейин

директору _______ Атаев Б.С

« ___ » ___ 2022ж

**Хасан Жээбаев атындагы мектеп-лицейинин окуучуларынын предметтик олимпиадасы жөнүндө ЖОБО**

1. **Жалпы жоболор.**

1.1 8-11-класстардын арасында өтүлүүчү предметтик олимпиаданын максаттарын, милдеттерин, өткөрүү тартибин, каржылоосун, предметтердин тизмесин аныктайт.

1.2 Олимпиадага катышуучуларынын укуктары жана милдеттерин аныктайт.

1.3 Олипиаданын жыйынтыктарын бекитүүнүн тартибин жана жеңичүүлөрүн, байге ээлерин аныктоону белгилейт.

1.4 Ар бир предмет олимпиаданын тапшырмаларын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик стандарттарына таянуу менен түзүп чыгуу.

1.5 Олимпиаданы мамлекеттик жана официалдык тилде өткөрү.

2. **Олимпиаданын максаты.**

2.1 Өзгөчө таланттуу балдарды бөлүп алуу, алардын билимин өркүндөтүүгө, чыгармачылык жөндөмүн жана изилдөө иштерине болгон,кызыгуусун арттырууга өбөлгө түзүү

2.2 Олимпиада мектеп ичинде жылына бир жолу өткөрүлөт, өткөрү тартиби ушул Жобо менен аныкталат.

2.3 Олимпиаданы уюштурууну жана өткөрүүну мектеп администрациясы жетекчиликке алат жана усулдук бирикмелер ишке ашырышат.

2.4 Олимпиаданы өткөрүүдөгү материалдык –техникалык камсыздоо жана финансылык экономикалык колдо мектеп администрациясы тарабынан ишке ашырылат.

Сканировано с CamScanner

2.5 Олимпиада жалпы билим беруу предметтер боюнча өткөрулөт: окутуу кыргыз тилинде жургузулгөн класстар үчүн кыргызча, орус тилинде окутуу орус тилинде өткөрулөт.

2.6 Олимпиаданын тапшырмаларын түзүүнүн негизги критерийлери:

● татаалыраак тапшырмалар берилиши мүнкүн

● тапшырмаларды же көйгөйлөрдү чечүүгө карата ар кандай маселелерди баалай билүү, стандарттуу эмес чечимдерди табуу керек.

● жеке кз карашын далилдөө жөндөмдөрүн аныктоого багытталышы керек.

● тапшырмаларга кызыгуусу жогорку деңгээлде болгон окуучулардын белгилүү бир илимий жааттагы окууларын, билимдерди жаны жаны шарттарда колдоно билүү жана талдоо.

●практикалык /лабораториялык, оозеки тапшырмалар окуучунун өз билимдерин өз алдынчы практикада колдоно билүүсүн баалоого багытталышы керек.

**3. Олимпиаданы уюштуруу жана өткөзүү.**

3.1 Олимпиада окуу жылынын ичинде мектепте бир жолу өткөрүлөт.

3.2 Мектептик олимпиаданын жеңүүчүлөрү райондук олимпиадага баруу үчүн предметтик мугалимдер тарабынан даярдалат жана жиберилет.

3.3 Олимпиаданын уюштуруучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- мектеп администрациясы;

- усулдук кеңеш;

- усулдук бирикмелер;

- предметтик мугалмдер

- орг.комитет.

Сканировано с CamScanner

3.4 Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү үчүн жоопкерчилик мектеп администрациясына, усулдук бирикмелерге жүктөлсүн.

3.5 Олимпиаданы өткөрүү күнү, убактысы мектеп директорунун буйругу менен аныкталат жана олимпиада башталганга чейин 30 календарлык күн мурда жалпы педагогикалык жамаатка маалымдалат.

3.6 Олимпиаданы өткөрүүчү жерде калыстар тобунун өкүлдөрү катышышы керек.

**4. Олимпиаданын катышуучулары.**

4.1 Олимпиадага катыша алат:

Мектептин 8-9-10-11-классынын окуучулары өз каалоолору боюнча.

4.2 Олимпиаданын катышуучуларынын тизмесин предметтик мугалим аныктап берет.

4.3 Мектеп ичинде олимпиада аяктагандан кийин 1 күн ичинде жыйынтыктар чыгарылып катышуучуларга маалымдалат.

Талаш – тартыш кырдаалдарпайда болгон учурда Олимпиаданын жыйынтыгы менен протоколдордун көчүрмөлөрүн жана отчётторду уюштуруу комитетине, мектеп администрациясына, директорго берүүгө милдеттү.

**5. Олимпиаданын жумушчу органдары**

5.1 Олимпиаданын жумушчу органдары болуп уюштуруу комитети ( усулдук бирикмелер), тиешелүү деңгээлдеги калыстар тобу саналат.

5.2 Уюштуруу комитеттеринин, калыстар тобунун ишинин негизги принциптери болуп компетенттүүлүк, объективдүүлүк, ачыктык, айкындуулук, кесиптик этиканын ченемдерин сактоо саналат.

Сканировано с CamScanner

5.3 Уюштуруу комитеттеринин, калыстар тобунун мүчөлөрү тапшырмалардын купуялуулугун сактабагандыгы жана олимпиаданы өткөрүүнүн принциптерине карама-каршы келүүчү башка бузууларга жол бербегендиги үчүн жеке жоопкерчиликке тартылат.

## 6. Уюштуру комитети

6.1 Олимпиаданы уюштуруу үчүн мектепте уюштуруу комитеттери түзүлөт.

Уюштуруу комитетинин түзүмү: төрага, орун басар, катчы жана уюштуруу комитетинин мүчөлөрү.

6.2 Олимпиаданын уюштуруу комитеттеринин курамы усулдук кеңеш тарабынан түзүлөт жана бекитилет.

- калыстар тобу предметтер боюнча отчётторун берет,

Олимпиаданын жыйынтыгын чыгарат,белгиленген формада олимпиаданын тиешелүү деңгээлдеги уюштуруучусуна отчёт жана жеңүүчүлөрдүн тизмесин берет.

Сканировано с CamScanner